Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

85 жыл

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№05 (227) 2024-жыл, май

Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## "ОШМУ – БИЗДИН ЫРЛАРДА"
## АТТУУ ПОЭЗИЯ СЫНАГЫНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ СЫЙЛАНДЫ




2-3-бет

## ЖАШ ИЛИМПОЗ




12-14-бет

## КАРГАЛАР КЫРГЫЗБЫ?



4-бет

# “ОШМУ – БИЗДИН ЫРЛАРДА” АТТУУ ПОЭЗИЯ СЫНАГЫНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ СЫЙЛАНДЫ

Ош мамлекеттик университетинин "Нур" гезити тарабынан ОшМУнун 85 жылдык маарекесине карата “ОшМУ – биздин ырларда” аттуу поэзия сынагы уюштурулду. Максат ОшМУнун студенттеринин чыгармачылыкка болгон табитин калыптандыруу, таланттуу студенттерди коомчулукка тааныштыруу жана ОшМУну даңазалоо болду. Сынакка ОшМУнун кесиптик бирлик комитети демөөрчүлүк кылып, байге фонду үчүн 16 000 (он алты миң) сом акчалай сыйлык бөлүп берди.

Жалпы 26 студент катышып, алардын арасынан 4 жеңүүчү аныкталды. 1-орунду ээлеген Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2-курсунун студенти Мээрим Эркинбек кызы 7000 сом, 2-орунду ээлеген 1-курстун студенти Аниель Куламжанова 5000 сом, 3-орунду ээлеген 4-курстун студенти Баястан Темирбаев 3000 сом, 4-орунду ээлеген Бизнес жана менеджмент факультетинин 1-курсунун студенти Байэль Тешебаев 1000 сом акчалай сыйлык менен сыйланышты.

Алдыңкы орундарды багындырган студенттерди баалоодо алардын сөз тандоо чеберчилиги, ырдын техникасы, ырдын мааниси каралды. Калыстар тобунун курамын Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун Ош бөлүмүнүн төрайымынын милдетин аткаруучу, "Ыр данек", "Жамгырлуу кеч" ырлар жыйнагынын автору Бермет Закирова; “Күн жашынган аска” ырлар жыйнагынын автору, “Ош шамы” гезитинин кызматкери Бекмурат Келдибаев; “Эрке кыялдар” ырлар жыйнагынын автору, “Достук планетасы” гезитинин редактору Сыдыкбек Апиш уулу түздү.

Студенттерге колдоо көрсөткөн кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Абсамат Саттаровго жана калыстык кылып берген жалпы агай-эжекелерибизге терең ыраазычылык билдиребиз!

Урматым менен, “Нур” гезитинин редактору Саматулла Маматкары уулу!















Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ОШМУ – БИЗДИН ЫРЛАРДА

**ОшМУ – биздин ырларда**

**Эртеңге шык, эргүү, күч берген,**
**Мекендин үмүтү жүктөлгөн.**
**Бул уя сексен беш жыл мурун,**
**Түштүктө эң алгач түптөлгөн.**

**Шаң менен тосулган ак таңдар,**
**ОшМУда жаштык, ыр, дастан бар.**
**Тургансыйт кол булгап чакырып,**
**Тарыхты жараткан алп жандар.**

**Нур сунган береке, майрамдуу,**
**Өзүнчө дүйнөгө айланды.**
**Үйрөтөт жаштарга ар качан,**
**Ааламга канатын жайганды.**

**Жакшылык ар бурчун мекендеп,**
**Кыз-уулу бийикке жетем деп.**
**Келатат көп улут, эл менен,**
**Ынтымак, достукту бекемдеп.**

**Өзүңдөн өжөрлөр тапталып,**
**Өсө бер өзгөчө барк алып.**
**Биз үчүн ОшМУнун өзү эмес,**
**Аты да сыймык, кут, даңк анык!**

**Мээрим Эркинбек кызы**

*******
**На крыльях времени взлетая к звездам,**
**Ошский госуниверситет – в истории веха.**
**Он мосты к знаниям строит, открывая двери в миры,**
**Где мудрость древняя и нова слились в едином вдохновении.**

**В веках его слава не померкнет, не угаснет,**
**Он – факел, освещающий путь к вершинам наук.**
**ОшГУ – это маяк для ищущих знаний,**
**Там, где будущее куется в аудиториях и лабораториях.**

**Здесь вдохновение – спутник каждого студента,**
**А достижения – это кирпичики в фундаменте страны.**
**ОшГУ – колыбель для талантов, что сияют ярко,**
**В его стенах зарождаются идеи, меняющие мир к лучшему.**

**О, ОшГУ, ты – пристань для мечтателей и учёных,**
**Твоя миссия – зажигать звёзды в сердцах молодых.**
**Ты – нива, где растут плоды знаний и открытий,**
**Ты – символ гармонии, мудрости, труда и светлых умов.**

**Пускай твой светлый лик вдохновляет поколения,**
**Ведь ты – ключ к будущему, что в наших руках.**
**ОшГУ, ты в сердцах навеки останешься,**
**Как символ высот, к которым мы стремимся вместе.**

**Байэль Тешебаев**

**ОшМУ**

**Тосуп алса кенен жайып кучагын,**
**Тоо тараптан келет жалын жүрөктөр.**
**Орун алат жаңы альбом ичинен,**
**ОшМУдагы студенттик сүрөттөр...**

**Ал сүрөттө көп кыялдар камтылып,**
**Бир бурчуна бирден максат жазылат.**
**Элестетип, эртеңин да кечээсин,**
**Эчен үмүт, эчен сезим катылат.**

**Бирөөсүндө күлүп түшкөм, мен дагы**
**Койсо керек беш деген баа агайым.**
**Бир сүрөттө түшпөй калгам эсимде,**
**Качып кеткем, ал сабактан атайын...**

**Кээ биринде сүйүү курак, көз ирмем,**
**А биринде алсыздыкка багынуу.**
**Анын баарын бириктирген бул сүрөт,**
**ОшМУ сенин бир боорунда тагылуу.**

**Кубанычтын батпай мен да ичине,**
**Бир максатым жашачу да жүрөктө.**
**Ошол максат орундалган көрүнөт,**
**ОшМУ менен түшкөн кезде сүрөткө!**

**Өзүң менен тандап багыт, келечек,**
**Өзүң менен өркүндөйбүз, өсөбүз.**
**Кенен кулач кучагында чоңойдук,**
**Өзүң менен ийгиликке жетебиз.**

**Аниель Куламжанова**

**ОшМУ, сага!**

**Жамандан четтелгенбиз,**
**Жакшыга кептелгенбиз.**
**ОшМУга чын жүрөктөн**
**«Окуйбуз» деп келгенбиз!**

**Алдыга баратабыз,**
**Даа көбүн каратабыз.**
**Буюрса, миллиондоп**
**Ийгилик жаратабыз.**

**Даңкыңдын арын билип,**
**Көтөрүп баарын бийик.**
**Сен менен сыймыктанып**
**Өтөбүз дайым сүйүп!**

**Кучактап тосту жана**
**«Достукту» кошту, мага.**
**Билимдин кенин берген**
**Ыракмат ОшМУ сага!**

**Баястан Темирбаев**

# КАРГАЛАР КЫРГЫЗБЫ?

Мен, Кылымбек Абдиманап уулу, учурда Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин магистратура бөлүмүндө 2-курста окуп жатам. «Кыргыз акын-жазуучуларынын чагармаларында канаттуулар дүйнөсү» деген темада магистрдик диссертация жазып жаткандыгыма байланыштуу канаттуулар баяндалган чыгамаларды «чычкан көргөн күйкөдөй» баса калып окуп жүрүп негедедир карга жөнүндө атайын жазылган көлөмдүү көркөм чыгарма жок экендигин байкадым. Буга анын көрүнүшү же бөрү, кузгун менен курдаш болгон пейили себеп болгондур.

«Алыбай алына жараша» дегендей колдон келишинче аларды топтоштурганга аракет кылдым.





–Шоола, карачы каргаларды? - дедим.

Карап туруп кайра мага:

–Каргалар эмне деп атат, таята? - деп суроо салды.

–Кар, кар - деп атат, эми жакында кар жаайт, - дедим.

–Таята, каргалар да кыргызбы?-деди

Шоола.(«Агындылар» 2013-ж. Бишкек. "Учкун" басмасы. 1- китеп 126- бет)

Эл акыны Шойлообек Дүйшөевдин жогорудагы окуядан кийин «каргалар кыргызбы?» деп баш катырганын окуп акындардын ырларында кандай сыпатталганына кызыгып көрдүм.

Алгач сөздүккө карай турган болсок: Карга - кара же кара ала түстөгү ири куштардын жалпы аты(КТТС«Фрунзе»1984)

Акындардын чыгармаларында каргалалардын бир нече түрү кездешет алар: кара карга, көк карга, ала карга, чар карга, коң карга.

Молдо Кылычтын « Буудайык» казалында

(Молдо Кылыч « Казалдар» Фрунзе 1991 114-бет)

Ала карга азанчы,
Кара карга казанчы,
Сагызган элдин жокчусу,
Коң карга элдин бокчусу.

деп айтылат. Карганын түсү да зор роль ойногон: аласы - азанчы, карасы -казанчы, коң каргасы - бокчусу болуп жатса, «Бүркүттүн тоюнда» болсо:

Кычы кара карганы,
Үйгө түшпөй кайт деди

деп аны тойго келбешин ачык эле билдирген.

Райкан Шүкүрбековдун «Карга менен чыйырчык» тамсилинде да(« Тамсилдер топтому» түз: К.Исаков Ош 2009 66-бет)

Кыш жеңил болуп, өлүмтүк аз болуп курсагына курт иленбегенин айтып наразы болот. Нурбек Ахматкуловдун «Жаныбарлар жан дүйнөм» китебинде:

Каргыл үнү жакпаса да жалпыга,
Сайрай берет жаткан өндүү мактанып

- деп аны мактанчаак катары сүрөттөйт. Кусейин Эсенкожоевтин «Чыгармалар жыйнагында»:

Айылдардан жем издеп,
Алыскы жерге баралбай-

дейт. Мындан каргалар адамдар жашаган жерде арбын болору белгилүү болот. Ал эми ала карганы:

Ала карга аласын,
Кышта келип каласын.
Ысык жерде жүрө албай,
Кайда учуп барасың?-

деп сүрөттөйт. Бул ырдан ала карганын келгин куш болгону белгилүү болот. Кызыгы, күзгү суукта башка келгин куштар жылуу жакка учуп кетип, эрте жазда келип жаз кабарын берсе, ала карга кышты кыштай жашап жаз чыкканда жер которуп суук жерге барганы адамдын башына эки анжы пикир калтырат. Же ал ошончолук суукка чыдамдуу канаттуу же жазгы келгин куштарда бересеси бардай корккон жырткыч канаттуу бар.

Бир кездерде Ысык-Көлдөн ички мобилдүүлүк боюнча келген, бир семестр бою тайпалаш болуп окуган досум Адилет Өскөнбаев «ак карга, кара куу бар» десе эстен танчудай болуп таң калган элем. Бирок акын-жазуучунун чыгармасында мындай өзгөчө канаттуулар аталганын кезиктире албадым.

Деги койчу, карганын жакшы мүнөзүн табыш кыйын экен, бирок анын «санитар» канаттуу экенин моюнга алышыбыз керек.

Элдик табыпчылыкта (медицинада) көк жөтөл болгон балага көк карганын канатын жылуу сууга жибитип ичирүү кеңири тараган.

Акырында Хусейин Карасаевдин «Накыл сөздөр» китебинен жооп тапкандай болдум «Менин колума да карга чычаар» деген сөздүн түпкүрүнө кайрыла турган болсок: илгерки замандарда кыргыздар жунгарлардан сүрүлүп Индияга чейин барган. Ал эми Индияда карга касиеттү куш болуп эсептелет, демек бир элдин ырымы ирегелеш элге жукпай койбойт.

Сөз аягында каргалар тууралуу кызыктук фактылар болсун:

1. Вашингтондо студент карганын салмагын билиш билүү үчүн аны кармап, салмагын өлчөгөндөн кийин коё берген. Университеттин аймагында жүргөндө студентти таанып, «булгап кетип» турган (мындайча айтканда студенттин колуна күндө «карга чычып» турган).

2. Карганын эс тутуму өтө жакшы өнүккөн жана муну колдонгон учурлар тарыхта да кездешет. Саддам Хусейинди издөө үчүн анын сүрөтүн көргөзүп белги бергенге үйрөткөн жана ишке ашкан. Дал ушул нерсени Дудаевдин көзүн тазалоодо да колдонгон.

3. Карга карганын көзүн чукубайт. Каргалар көп убакта чоогу жүрүшөт жана бул алардын жырткыч куштардын тамагын талашып жегенге оңой өбөлгө түзөт.

4. Токойлордогу өрттү кээ бирин каргалар чыгарат. Каргалардын калың түгү жылуу болгону биттердин көбөйүшүнө себеп болот. Мындан кутулуу үчүн каргарлар кургак жалбырактарды чогултуп, чала өчкөн тамекини калдыгын таап канаты менен желпип күйгүзөт.

5. Жаңгактарды унаа жүргөн жолдорго таштап, кызыл күйгөндө жаңгактын маңызын терип жешет.

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# САЛТТУУ-САЛТАНАТТУУ БҮТҮРҮҮ КЕЧЕСИ

Бүтүрүү кечеси – окуу жайды бүтүрүү менен байланышкан салтанат. Бүтүрүү кечелери көбүнчө мектептерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында өткөрүлөт. Салтанат көбүнчө эки бөлүккө бөлүнөт - расмий жана салтанаттуу. Расмий бөлүктө бүтүрүүчүлөргө сертификаттар же дипломдор ыйгарылат. Салтанаттуу бөлүгү белгилүү бир окуу жайынын салттары менен байланышкан, ал көбүнчө оюн-зоок программасына негизделет.

Бүтүрүү кечеси салт катары XIX кылымда АКШ жана Улуу Британияда пайда болгон. Анын идеясы орто мектепте же колледжде окуу жылынын аякташын белгилөө болуп саналат. Бүтүрүү кечесинде бүтүрүүчүлөр чогуу убакыт өткөрүп, бийлеп, ар кандай оюндарды, сынактарды уюштурушат. Салт боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жашоосундагы маанилүү окуяны белгилөө үчүн бүтүрүү аземине ата-энелер жана мугалимдер чакырылат.

Бара-бара бүтүрүү кечелери ушунчалык популярдуу болуп, дүйнө жүзү боюнча ар кандай окуу жайларында өткөрүлө баштады. Убакыттын өтүшү менен бүтүрүү кечелеринин салты мектеп жана университет турмушунун маанилүү бөлүгү болуп калды.

Ал эми баарыбызга белгилүү 25-май бүтүрүү кечесин ким ойлоп тапкан?

Майрамдын идеясы советтик мугалим, РСФСРдин эмгек сиңирген мугалими Федор Брюховецкийге таандык. Акыркы коңгуроого арналган алгачкы майрам 1948-жылы 25-майда Москва шаарындагы № 182 (азыркы № 1501) мектепте өткөн.

Башка өлкөлөр бул майрамды кандай белгилешет?

## АМЕРИКА

Бул өлкөдө бүтүрүү кечеси өтө олуттуу кабыл алынат. Балдар жана кыздар өздөрүнүн имиджин жана сырткы көрүнүшүн майда-чүйдөсүнө чейин ойлонушат. Жигиттер лимузиндерди ижарага алышат, ал эми кыздар эң кымбат жана укмуштуу көйнөктөрдү сатып алышат.






## ПОЛЬША

Польшада мектептин акыркы күнүн майрамдоо майрамга жүз күн калганда башталат. Эң таң калыштуусу, майрам мектеп директору каалаган окуучуну тандап, аны менен бирге кызыктуу бий бийлегенден башталып, калган окуучулар ээрчип, кайталап турушат. Эреже катары, балдар костюм же смокинг, ал эми кыздар кара кечки көйнөк кийишет.

## МАЛАЙЗИЯ

Малайзияда бүтүрүү - бул чыныгы бакыт деп эсептелет. Бүтүрүүчүлөр мектептеги акыркы күнүн пляжда белгилешет. Колуңузда коктейль жана жалындуу музыка менен шезлонгдордо болушу керек. Ошондой эле эч кандай көйнөк же костюм жок - бир гана купальник болушу шарт.





## ГЕРМАНИЯ

Германияда бүтүрүүчүлөр өздөрү жөнүндө эстелик калтырышы керек. Алар дубал гезитин жазып, өз классына улуттук гимн жана чакан логотип жасап, мектептин короосуна бак отургузушу абзел.

## НОРВЕГИЯ

Норвегияда бүтүрүүчүлөр каалаганын кыла алышат. Жиндилик толук 17 күнгө созулат. Биринчи майдан тарта 17-май Конституция күнүнө чейин шаардын башкы аянты бүтүрүүчүлөргө берилет. Айтмакчы, көбүнчө Норвегияда бүтүрүүчүлөр күлкүлүү комбинезон кийинишет. Комбинезондун түсү келечектеги адистигине жараша аныкталат.



**Сиз бүтүрүү кечеңизди кайсы өлкөдө майрамдагыңыз келет?**

**Эльнура Кудайбердиева**

# ҮЛГҮЛҮҮ СТУДЕНТТЕР

## Дамирбек Кудайбердиев:
## *" 4 жылдык өмүрдү туура пайдаланып жакшы иштерди жасап калуубуз керек"*



Ассалоому алейкум, амансызбы, окурман! Мен ОшМУнун Бизнес жана менеджмент факультетинин мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу адистигинин 4-курсунун бүтүрүүчүсүмүн. Өзүм тууралуу азыноолак айта кетсем, атым - Дамирбек. Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунунан болом.

2020-жылы Ошко окууга тапшырып, COVIDден улам окууга 2021-жылдын апрель айынан келгенмин. Анда Ошто туугандарымды таанnetwork айт элем, досторум да жок эле. Ошол кезде биздин адистикте окуган улуу курстагы агалар менен таанышып, алар менен коомдук чөйрөгө аралаша баштадым. Эң алгач "Ыйык Ата Журт Ошко" барганым эсимде. Бул жакта биринчи жолу ыктыярчылык милдетти аркалап, башка уюмдарга да кошулдум.

Ошентип, 2-курс болгонумда мобилдүүлүк боюнча кошуна Өзбекстан Республикасына барып, бир айлык окууда окуп келдик. Андан сырткары 2023-жылдын "Мыкты студенти" аталып, 100 мыкты студенттин катарын толуктадык. Студенттер үчүн бардык шарттарды түзүп берген, бизге ар тараптуу колдоо көрсөткөн - ОшМУга алкыш! Ошондой эле, куттуу окуу жайымдын 85 жылдык маарекеси менен чын дилимден куттуктаймын!

Окуудан сырткары "Бир адамдан бир китеп долбооруна" ыктыярчы болуп көптөгөн тааныштарды таптым. Ошол эле кезде Ала-Бука (@babk_ala_buka) өкүлчүлүгүн да түптөөгө жетиштик. Менин тааныштарымдын көбү ОшМУдан же БАБК долбоорунан. ОшМУга келгенимден баштап ыктыярчы болуп жүргөн болсом, азыр да ыктыярчы болуп жүрөмүн.

Окууга жаңы келген же окуп жаткан студенттер үчүн көп да эмес, өзүбүздүн башыбыздан өткөн 1-2 кеңеш айта кетсем: студенттик өмүр бир жолу гана берилет, ошондуктан 4 жылдык өмүрдү туура пайдаланып жакшы иштерди көп-көп жасап калуубуз керек. Студент болуп элжер көргүлө, дүйнө таанымыңар кеңеет. ОшМУнун атынан мобилдүүлүк боюнча четке чыгып Кыргызстандын намысын коргоп, ата мекендин кадыр-баркын туюп, мекенге болгон сүйүүңөр артсын. Баарынан мурда кайсыл жерде болсоңор да жөнөкөйлүктү жана ыктыярчылыкты таштабагыла. Өзүңөр жактырган ишиңер менен алек болуп, убакытты туура пайдаланып калгыла. Окуу жайдан алган билимиңер менен гана чектелбей, ар тараптуу өнүккүлө. Башкысы, силерди алдыга сүйрөй турган чөйрөгө кошулгула. Албетте, адамдык, атуулдук миссияны аткарып, ата мекенге татыктуу атуул болууга талыкпай эмгек кылгыла.




## Мухаммедали Заиров:
## *"Дүйнөлүк футбол чемпионаттары Кыргызстанда өтсө деп тилек кылам"*

Саламатсыздарбы! Мен, Заиров Мухаммедали, ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетинин 1-курсунун студентимин. Мен Москва шаарында 16 жыл жашап, мектепти Москва шаарынан бүтүрдүм. Жаш кезимен спортко кызыгып, «Московская академия футбола» спорттук мектебин да бүтүрдүм. Туулган жердин топурагы алтын демекчи, мен дагы сыртта жүрүп, туулган жеримди сагынып, Кыргызстанга келдим. Кыялымдагы адистик боюнча билим алуу үчүн ОшМУнун Кыргыз-Кытай факультетин тандап, программалык инженерия адистигине тапшырдым. Мени ОшМУнун кичи футбол боюнча командасына чакырышты. Ал командада 6 ай ойноп, андан соң өзүмө жаккан "Алай" футбол командасына кабыл алынып, азыр жарым коргоочу позициясында ойнойм. "Алай" командасында ойноп Ош шаарынын футбол федерациясынын кубогунда 1-орунду багындырганбыз.

Менин бала кезден берки максатым футбол боюнча алдыңкы оюнчу болуу, Кыргызстанды футбол менен дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнө чыгаруу, дүйнөгө таанытуу. Дүйнөлүк футбол чемпионаттары Кыргызстанда өтсө деп тилек кылам. Ушундай күндөргө жетиш үчүн мен мындан да катуурак машыгып, көбүрөөк аракет кылып, Кудайдан алакан жайып дуба кылам жана ошол күндөр келишине ишенем. Азыр дүйнөлүк ааламдашуу заманында көп тил билүү заман талабы. Мен да кыргыз тили, орус тили, англис тилинен сырткары азыркы учурда кытай тилин үйрөнүп жатам. Футбол ойноо да физикалык күчтү, техниканы гана талап кылбастан, андан сырткары интеллектти да талап кылынат. Ошондуктан студент досторумду билимди алдыңкы орунга коюп, убакытты баалап, тил үйрөнүп, күн сайын өзүн өнүктүрүүгө үндөп кетет элем.

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

## Асел Бекешова: *"Студент бир эле учурда көп нерсе аткара ала турган энергияга ээ"*

Саламатсыздарбы, мен, Бекешова Асел, ОшМУнун Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнүн 2022-жылкы бүтүрүүчүсүмүн. Учурда ушул филологиялык билим берүү бөлүмүндө магистратура бөлүмүнүн 1-курсунун студентимин, "Олимп" мектеп – гимназиясында кыргыз тили жана адабияты мугалими жана ЭЛТР Илим Билим каналында алып баруучу катары эмгектенип жатам.

Студенттик күндөрүмдүн башаты болгон 1-курсуму айтсам, бюджеттик группада окугандыгым үчүн "5" ке окуган студенттерге стипендия берчү. Стипендияга жетем деп аракет кылып, жигердүүлүк менен окуучумун. 1-курстан баштап 4-курска чейин стипендия алып окудум, стипендия жөн гана акча деген менен бул ОшМУнун татыктуу студенти болуп стипендия алуу өзгөчө бир чоң сыймык. 1-курсумда олимпиадага катышууну чечтим, өзүм жакшы көргөн "Манас таануу" сабагын тандадым. 1-курста көбүрөөк сабак окууга көңүл буруп оюн-зоокко убакыт кетирбегенге аракет кылдым. 1-курста базаңды жакшы калыптандырып алсаң 4 жылга жакшы бир фундамент болуп берет. Ага – эжелеримдин берген кеңештери боюнча ар тараптуу билим алууну баштадым. Түрк тили боюнча курска барып 4 айда ийгиликтүү аяктадым. Андан сырткары маданий иш-чараларга көп катыштым, бул да студенттерди жакшы жакка тарбиялоочу бир чоң күчкө ээ. Убакытты туура пайдаланып ар түрдүү маданий, кайрымдуулук иш-чараларга катышууну сунуштайм, себеби булар келечекте сөзсүз өз пайдасын тийгизет,ал эми ашыкча оюн-зоокко берилүү келечекте өз кесепетин тийгизиши мүмкүн.

2-курсумдун 2-семестринен баштап



"Рекорд" билим берүү мекемесине асистент катары акысыз иштеп баштадым. Башында акысыз болсо да өзүңөрдүн кесибиңер боюнча иштөөнү баштасаңар болот, иштеп баштаганыңарда эле мыкты деген жерлерге иштеп баштоону сунуштайм, себеби бул силердин калыптануууңарга таасирин тийгизет.

3-курсумдан баштап болушунча бардык нерсени иргеп иш кылып баштадым. 1-2-курсумда өзүмдү таануу үчүн ар тармакка кирип көрсөм, 3-курсумда мага эмне жагат, эмне жакпайт, иргеп калдым да көбүрөөк билим жаатына басым жасап баштадым. Илимий иштерге, конференцияларга катышып, макалаларды жазып баштадым. 3-курсумда окуу менен жумушту тең




алып кетүүнү баштадым, түшкө чейин университетке барсам, түштөн кийин окуу борбордо мугалим катары эмгектендим. Тез окуу, менталдык арифметика, англис тили курсу, ораторлук курс, СММ курстарын, кыскасы, өзүмө керектүү курстарды эң жакшы жерлерде окудум. Бул жерден дагы бир кеңеш болсун өзүңөр мыкты деп эсептеген, сыктанган мугалимдерден билим алсаңар жугумдуу болот. "Лидер Азия" окуу борборунда менталдык арифметика, тез окуу боюнча жаш балдарды окутчумун, ошол учурда өзүмдүн кичинекей китепчемди чыгардым (брошюра түрүндө).

Негизги сыймыктанып айта турганым 1-курсумдан баштап токтоосуз кылган аракетимдин натыйжасында "Манас таануу" боюнча университеттер аралык олимпиядада 1-орунду камсыз кылдым. Демек, аракетти эрте баштап токтоосуз улантуу керек экен деген жыйынтык чыгардым десем болот.

4-курсумда окуу, жумуш жана эс алууну биргеликте айкалыштырып кеттим.



Колумдан келишинче Кыргызстандын ар тарабына саякат кылдым. Студент учуруңарда көп саякаттагыла, чет мамлекетке чыкканга мүмкүнчүлүк жок болсо Кыргызстандын ичинде саякат жасоону сунуштайм. Биринчиден, көргөн сайын көргөн жерге мээри түшөт дегендей мекенге болгон сүйүү болсо, экинчиден, жериңдин баалуулуктарын көзүңдү жумуп санап берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

4-курсумда "Манас таану" боюнча олимпиядада жүргөндө КТРК Баластандан келип сьемка учурунда мени продюссери чакырып, биргеликте 1 жыл иштеп калдым.

Адам көп нерсеге жетишсе болот ал үчүн убакытты туура пайдаланып, өзүн алаксытуучу нерселерден алыс кармашы керек. Такыр чектеп салгыла дебейм, мисалы социалдык сеттер алаксытат, бирок күнүнө 1 саатымды социалдык сеттерге туура нерселерди издөөгө арнайм.

Студент бул бир эле учурда көп нерсе аткара ала турган энергияга ээ. Ошол энергияңарды болушунча туура пайдалангыла, өзүңөрдү өнүктүрүүгө колдонгула. Саякаттагыла, окугула, үйрөнгүлө, достошкула, маданий иш-чараларга катышкыла, баарысын кылып көргүлө, себеби адам кылып көргөндө өзүнүн кызыкканын табат. Аракетчил ар тармактуу бололу, окууларыңарга ийгилик, ОшМУ бизге көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү сунуучу окуу жай.

Учурда ОшМУнун 85 жылдык маарекеси белгиленип жатат, менин куттуу окуу жайым, менин ОшМУм 85 жылдык маарекең куттуу болсун! Мыкты деген студенттерди таптап чыгууда албетте кесипкөй, накта өз ишин билген данакер окутуучулар иштеп жатканынан кабар берет. Ошондой окутуучуларды да тандап келген ОшМУнун адистерининин кесипкөйлүүлүгү. Ушундай окуу жайда окуп калганыма, ушул жердеги мугалимдерден билим алып калганыма аябай бактылуумун. ОшМунун ар бир студентин, ар бир кызматкерин куттуктайм! Бул биз үчүн чоң майрам!

**Малика Токтосунова**

# ҮЧ КАБАТТУУ БОЗ ҮЙДӨН ҮЧ ТААСИР




Кыргыз - дүйнө эли сыяктуу эле өз тарыхын, үрп-адатын, салтын, маданиятын, тилин, жазуу-сызуусун сактап келген байыркы эл. Кыргыз элинин тарыхы, маданияты атадан балага өтүп келе жаткан, түбөлүктүү, сыймыктуу мурас. Мына ушул мурастардын бири, айтылуу ак өргөө «Манас» эпосунун үчилтигине арналып курулуп, "Манастын" 1000 жылдыгында кырка тигилген көп сандаган боз үйлөрдөн өзгөчөлөнүп турган. Ал азыр Ош шаарынын так ортосундагы Сулайман тоонун боорунда шаарга көрк берип турат.

Үч кабаттуу, 14 метр бийиктиктеги боз үйдөгү саяккаттан алган үч негизги таасирди айтайын. Биринчиси, түрк дүйнөсүн даңазалаган өргөөнүн ичин көрккө бөлөгөн, түркүн-түстөгү килемдер, көз жоосун алган туш кийиздер, кыргыз уздарынын колунан жаралган саймалар, курактар, эзелки ата-бабалар колдонгон сокмо үй буюмдары, наристенин ак өргөөсү - бешик, көчмөн мезгилдеги илим-билимдин маданиятын даңазалаган кийимдер, асем буюмдар, үй тиричилигине тиешелүү темир, жыгач, тери буюмдар кыргыз элинин эзелки үрп-адатын, салт-санаасын жана улуттук кол өнөрчүлүгүн, жашоосун чагылтып турат. Кирген адамдын өмүрү узун, ден соолугу сак жүрсүн деген керегелер Алайдын арчасынан, кайраты темирдей бек болсун деп, Алайкуунун четининен, түндүгү түрүлүп, күн жаркырап турсун деп, Кара-Кулжанын кара талынан, улут сыймыгы улуу болсун деген устундары Алайкуунун асыл карагайынан жасалгандыгы көңүлдү бурат.

Экинчиси, көчмөн аялдын кышын-жайын башынан түшпөгөн элечеги көрк гана бербестен, ысык-сууктан сактоосу, жаңы төрөлгөн баланын ороосу, улгайган каза тапса кепини болору, көчүп-конууда мыкты кызмат аткарып, көчмөн элдин турмуш шартына ылайыкташканы – улуу философия, зор табылга. Элечектин оролушуна, түрүнө, чачпагына, жасалгасына карап, кыргыз аялзатынын жаш өзгөчөлүгүн, коомдогу ордун аныктоого болгон. Азыркыдай бир кийимди бардык жаштагылардын кийүүсү, кийимдин улут идеологиясы менен шайкеш келбегендиги, ар бир сайманын, оюмдун мааниси, турмуш-тиричиликтен алыс кеткендиги зээнди кейитпей койбойт...

Үчүнчүсү, эзелтен энелер кийген элечекти көргөн сайын айылдагы кыргыз наркын, баалуулугун ой-боюна сиңирген чоң энем эске түштү. Чоң энем көп учурда узун сөздүн учугун улай, ата-бабадан калган санатты, уккан уламышын, анан да так ушул боз үйдүн куту тууралуу көп айтар эле.

Бала кезде жайлоодо боз үйдүн түндүгүнөн күн нуру, ай жарыгы өзгөчө жаркырап түшсө, үйгө кут түштү деп сүйүнчүбүз. Кээде кут кетип калбасын деп, жаман сөз айтпай, бири-бирибиз менен урушпай, катуу сүйлөбөй, түн бир оокумга чейин уктабай, жомок айтышып, табышмак жандырып ойночубуз. Буга чоң энем аябай сүйүнчү, бизди мактап-кубаттап калчу. Көрсө, ыраматылык чоң энем ата-бабанын улуу мурасын, баалуу сабагын куттуу боз үйдүн ичинде берген экен. Мен муну көчмөн элдин улуу мурасы, табылгасы катары баалап келем.

Биз саякаттаган үч кабаттуу ак өргөөнүн курулушуна усталардын, уздардын, дизайнерлердин, сүрөтчүлөрдүн эмгектери зор. Эң негизгиси, ак өргөө окумуштуу Л.Жусупакматовдун идеясы боюнча тургузулгандыгын унутта калтырууга болбойт. Кыргыздын тарыхын жана маданиятын ичине камтыган үч кабаттуу академиялык ак өргөө - ар бир адамга дүйнөнү, кыргызды таанып-билүүгө, даанышмандыкка, патриоттуулукка, эмгекчилдикке, билимдүүлүккө чакырган маданий борбор. Демек ар бирибиз мекенди, тарыхыбызды, тилибизди сактоого, сыйлоого милдеттүүбүз.

**Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин АПР-1-23 тайпасынын курсунун студенти Ширин Калмурзаева**

***Жетекчиси - доцент, Зувайда Каразакова***

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ

## БЕРМЕТ СӨЙКӨ ТАГЫНГАН КЫЗ



Сүрөттүн аталышы: «Бермет сөйкө тагынган кыз».
Автору: Ян Вермеер.
Жазылган жылы: 1665-жыл
Өлчөмү: 44.5 х 39 см.
Жанр: Трони
Техника: Майлуу боёк.
Материал: Холст
Учурдагы жайгашкан жери: Гаага шаардагы Маурицхёйс музейи

"Бермет сөйкө тагынган кыз" - нидерландиялык сүрөтчү Ян Вермеердин эң белгилүү сүрөттөрүнүн бири. Аны көбүнчө түндүк же голландиялык Мона Лиза деп аташат. Сүрөт жөнүндө өтө аз маалымат бар. Сүрөттөгү кыз ким болгонун жана сүрөттөлгөн кыздын атын Вермеер жазганы белгисиз. Бир версия боюнча, сүрөтчү өз кызы Мариянын образын жараткан. Кандай болбосун, бул адаттан тыш портрет экени көрүнүп турат. Сүрөтчү кыздын башын көрүүчүгө буруп, ал бурулуп адамга караган учурду тартууга аракет кылган. Атына ылайык, көрүүчүнүн көңүлү кыздын кулагындагы бермет сөйкөгө бурулат. Учурда бир катар изилдөөчүлөр сүрөттөгү бермет сөйкөбү деп күмөн санашууда. Табигый берметтер үчүн бул өлчөм өтө чоң, бул жасалма Венециалык айнек бермет болушу мүмкүн деп болжолдошууда. Мындан тышкары, "Бермет" кулакка жабышкан илмеги көрүнбөйт. "Сөйкөнүн" жогору жагындагы жаркыраган ак түс сүрөттүн реставрациясынын биринде деформация болушу мүмкүн.

Сүрөт жаштыктын элеси болуп саналат жана өзүнүн күчүн али түшүнө элек сулуулуктун жаңыдан гана гүлдөп жатканын билдирет. "Бермет сөйкө тагынган кыз" деген расмий аталышты коом берген жана сүрөтчү өзү эч качан чыгармаларына ат койгон эмес. Жалпысынан алганда, Ян Вермеердин живописке кошкон салымына карабастан, анын жашоосу тууралуу маалымат өтө аз жана "бермет сөйкө тагынган кыздын" айланасында дагы эле көптөгөн сырлар бар. Сүрөттүн фону кара көрүнөт, бирок андай эмес. Алгач, кыздын артында убакыттын өтүшү менен өчкөн караңгы парда тартылган. Сүрөттө кыздын кирпигинин жоктугун белгилөөгө болот, бирок жакында окумуштуулар рентген жардамы менен сүрөттү изилдеп, алар боёлуп, бирок убакыттын өтүшү менен өчүп калганын аныкташкан. Сүрөт тартуу учурунда сүрөтчү ультрамаринди активдүү колдонгон, анын негизинде көк боёк менен кыздын башына жоолук салынган. Белгилүү болгондой, ультрамарин эң кымбат табигый боёктордун бири, ал алтынга караганда кымбатыраак.

Сүрөт узак убакыт бою жеке коллекцияларда болгон жана 1881-жылы гана Гаагада жөнөкөй суммага сатылып алынган. Учурда ал Нидерландиянын Гаага шаарындагы Маурицхейс музейинин коллекциясында турат.

Ошентип, "Бермет сөйкө тагынган кыз" сүрөтү дүйнөлүк живопистин шедеври гана эмес, анын тарыхый жана маданий маанисине жаңы катмар кошуп, адабият жана кино үчүн илхам булагы болуп саналат.

Леонардо да Винчинин "Мона Лизасы" жана Ян Вермеердин "Бермет сөйкө тагынган кызы" искусство тарыхында өзгөчө орунду ээлейт. Бирок, экөөнүн ортосунда окшоштуктары бар, аларды карап көрсөк:

**1. Сырдуулук:** эки сүрөт тең сырдуу атмосферасы менен белгилүү. Мона Лизанын жылмаюусу искусстводогу табышмактын символу болуп калды, ал эми бермет сөйкө тагынган кыздын көрүнүшү жөнөкөйлүктү билдирет.

**2. Фокус:** эки чыгармада тең каармандын бетине басым жасалат. Бул жүздөр кылдаттык менен жазылып, эмоцияны чагылдырат жана көрүүчүнүн көңүлүн бурат.

**3. Жарыкты колдонуу:** Леонардо менен Вермеер жарык менен көлөкөнүн чеберлери болушкан. Леонардо сфуматону жарык менен көлөкөнүн ортосунда жумшак өткөөлдөрдү түзүү үчүн колдонгон жана Вермеер табигый жарыкты колдонгону менен белгилүү, бул анын сүрөттөрүнө реалдуулукту жана тереңдикти берет.

**4. Белгисиздик:** эки сүрөттө тең тартылгандар ким экени белгисиз.

**5. Каштарынын жоктугу:** Мона Лизанын да Бермет сөйкө тагынган кыздын да каштары жок.

Жыйынтыктап айтканда, "Мона Лиза" жана "Бермет сөйкө тагынган кыз" - бул дүйнө жүзү боюнча көрүүчүлөрдү кызыктырган көптөгөн окшош сапаттарга ээ болгон өзгөчө искусство чыгармалары.

**Малика Токтосунова**

# БАЛМУЗДАКТЫН ЗЫЯН ЭКЕНИН БИЛЧҮ БЕЛЕҢИЗ?



Жай мезгилинин келиши менен суусундукту кандыра турган муздак азыктар талап кылына баштайт. Алардын арасында эң көп керектелүүчү азык катары балмуздак эсептелет. Айрыкча жаш өспүрүмдөр сүйүп жеген балмуздактын бир эле учурда пайдасы да, зыяны да бар. Ошондуктан, көпчүлүк ата-энелерди балага балмуздак алып берүү туурабы же туура эмеспи деген суроо түйшөлтөт. Дал ушул суроолорго жооп издеп көрдүк.

Алгач, аталган ширииндиктин жаралуу тарыхына токтололу. Кайсы жерде пайда болгону тууралуу так маалымат жок. Бирок аны биздин заманга чейин 3 миң жыл мурда Кытай эли, Греция жана Египеттин калкы колдонгону тууралуу тарыхый китептерде жазылган. Кытайда балмуздактын чыгуусуна ачкачылык себеп болгону айтылат. Тамак-аш жок мезгилде ыйлаган балдарын сооротуу үчүн музду беришкен. Бара-бара ага апельсин, лимон, анардын ширеси кошулуп, таттуу шириндикке айланган.

Ал эми Грецияда балмуздакты ач аскерлерди тойгузуп, чарчаганын басуу үчүн ойлонуп табылганы жазылган. Ал үчүн бийик тоого чыгышып, музду тоголок формага келтиришип, ага бал, сүт жана башка шириндиктерди кошуп, кайра карга көмүп коюшкан. Машыгуу учурунда аскерлер тоону көздөй чуркап, даяр балмуздактарды көмгөн жерден алып жешип, чаңкоолорун кандырышкан.

11-кылымда Египеттин султаны муздак суусундук менен балмуздак жасатып турганын Каир шаарына саякаттап барып, күбө болгон саякатчы жазып чыккан. Ал султандын желдеттери атайын алыскы тоолорго барып, мөңгүлөрдү ташып турушкан. Музду алып келүү учурунда бир топ адамдар жолдон каза табышкан.

## БАЛМУЗДАКТЫН ПАЙДАСЫ

Сүттүн курамында сөөктү бекемдөөчү өтө көп өлчөмдө кальций бар. Ошондуктан, бала бир күндө 1 литрге жакын сүт ичүүгө тийиш. Бирок жалаң эле сүт иче берсе, баланын көңүлү айланышы мүмкүн. Ошондуктан, балмуздак менен аны алмаштырса болот. Балмуздакта сүт азыгы катары бардык компоненттери – сүт белогу, аминокислоталар, витаминдер, минералдык заттар жетиштүү. Анын үстүнө сүт компоненттери гомогендешкен формада болгондуктан, абдан бат сиңирилет. Таттуу маанайды көтөрөт, серотиндин иштелип чыгышына көмөктөшөт. Азыкта жеңил сиңген углеводдор мээнин иштеши үчүн жакшы зат болгондуктан, мектеп окуучуларына пайдалуу. Мындан сырткары, ачкалыкты басаңдатат. Курамындагы лактоза, кальций, магний ашказан, ичегинин иштешин жакшыртат.

## БАЛМУЗДАКТЫН ЗЫЯНЫ

Айрым, дарыгерлердин айтымында, балмуздак толук кандуу азык эмес. Бул тиштер үчүн жана тамактын табити үчүн зыяндуу. Балмуздакты жумасына 2-3 жолудан ашык жегенге болбойт. Ашыкча салмак кошуучу касиетке ээ. Балмуздакты жегенден кийин оозду чайкоо керек. Бул тиштин таза сакталышына өбөлгө болот. Ашказаны ооругандардын оорусунун күчөшүнө алып келет. Күн сайын колдонууда кант диабетине жеткирет. Күн ысып турган учурда муздак шириндикти тиштеп жегенде тиштин эмалдары туруштук бере албай, тез бузулат. Ооз көңдөйүндө температура кескин төмөндөгөндө тиш сыздап, эмалдарда жаракалар пайда болот.

## БАЛМУЗДАК ЖӨНҮНДӨ КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР

**1813-жылдан бери балмуздак АКШ президентинин инаугурациясында милдеттүү тамактардын бири болуп саналат.**

**1939-жылы ВДНХдагы Главхладпром үчүн архитектор А.Н.Бельский тарабынан долбоорлонгон чоң айсберг түрүндөгү павильон – Балмуздак павильону курулган.**

**Бүгүнкү күнгө чейин эң кымбат балмуздак бул - Арно Арно. Бир кызмат көрсөтүү 1 доллар турат.**

**Профессионал балмуздак татыгычтар өз иштеринде алтын кашыктарды колдонушат, анткени бул металлдын даамы жана жыты жок.**

**Балмуздакты орточо колдонуу тамакты катуулатууга жардам берет. Аны ашкере кылбаңыз жана десертти тез жана чоң бөлүктөргө бөлүп жебеңиз.**

**Дүйнөдө жылына 15 миллиард литр балмуздак керектелет.**

**Ар бир үч секунд сайын бирөө балмуздак сатып алат. Америка Кошмо Штаттары керектөө боюнча алдыда: орточо америкалыктар жылына болжол менен 20 килограмм балмуздак жейт.**

**АКШда июль айы улуттук балмуздак айы, ал эми үчүнчү жекшембиси Улуттук балмуздак күнү. 1984-жылдан бери майрамды президент бекитип келет.**

**Майрам Шарип кызы**

# АҢГЕМЕЛЕШҮҮНҮ КЫЗЫТКАН СӨЗДӨР

Баарлашуунун кызыктуу болушу эки адамдын маанайынан, мамилесинен, пикирлеш болуусунан көз каранды. Эксперттердин көз карашында, качкан, өз оюн, эмоциясын ачык билдире албаган, түнт адамдар дагы эле көп. Кай жерде кандай сүйлөсө каршысындагы адам сөзгө келип баарлашуу уланары тууралуу психологдор айтып, бир нече жөнөкөй эле адаттарды жана фразаларды мисал кылышат.



» Жылмайып жүрүңүз. Жагдай тынч болсо, жылмаюу менен башталган баарлашуу адамдарды бири-бирине жакындатат. Жылмаюунун жардамы аркасында сиз ачык жана чын пейилден аңгемелешүүнү колдой турганыңызды билдире аласыз. Эске алыңыз, алтургай телефон менен сүйлөшүп жатканда да сиздин ачык жүз менен жылмайып тыңшап турганыңыз сезилет.

» Сиз сүйлөшүп жаткан адамдын атын ыгы келген жерде мүмкүн болушунча көбүрөөк атаңыз, психологдор далилдегендей, аттын аталышы кулакка жагымдуу угулат.

» Сиз менен баарлашууга сөз таштаган адамдын тырмак алды ийгилиги болуп, ал жөнүндө айтса да мактап, кубаттап койгондон сөзгө сараңдык кылбаңыз. Бардык эксперт менен психологдор бир пикирден айтышат: каршыдагы сүйлөп жаткан адамды көңүл коюп угуп, чын дилден анын айткандарына маани бергенди үйрөнүүгө жетишүү керек. Калп эле жооткотуп же сооротуп жаткан кебиңиздин төркүнүн бардыгы эле түшүнөт, бирок, айтпайт.

Катардагы адамдын сөзүн бөлбөңүз жана сизден суранбаган учурда акыл айта бербеңиз. Кебин акырына чейин угуп, пикириңизди билдирүүгө болот. Сөзүн бөлүү сыйлабастык, акыл айтуу өзүн андан билимдүү, көрөгөч же акылдуу санoo деп бааланат.

» "Сиз бүгүн сулуу көрүнүп жатасыз!" жумуш боюнча кесиптеш, дос-курбу, шеринелеш, курдаш, кошуна-колоң менен ушундай таризде учурашсаңыз дароо ал сөздүн таасирин ачык эле байкайсыз. Ким болбосун комплимент укканды жактырат. Ар бирибиз эле мактоо айтылганда сыймыктанып калат эмеспизби, мейли ал жаңы чач жасалгага айтылса да. Башкача айтканда, мактоо аңгемелешүүнү андан ары улантат. Анткен менен психологдор комплиментти да чын дилден айтууну сунушташат.

» Кайсы бир темада, мейли жумуш боюнча же саясат тууралуу сөз болуп жатса каршыңыздагы адам менен сүйлөшүү ачык, так жана чын пейилден болсун десеңиз, "сиздин айткандарыңыз абдан маанилүү", же "бул абдан керектүү маалымат болду" деген сөз жардамга келет. Керек болсо сиз үчүн пайдалуу эсептелген маалыматтарды жазып алуу үчүн сураганыңызда ого бетер ачылып, билгенин бөлүшүүгө киришет.

"Мен сизди түшүнөм",

» "Мен да ушундай ойлоп жаткам". Сиздин сүйлөшүп жаткан адамды өзүңүздүкүлөрдөй көрүп, жакындаткан бул сөзүңүз баарлашуунун натыйжалуулугун арттырат, түшүнүшүүгө жол ачат. Мүнөздөгү жалпы окшоштуктарды, аны менен бирдей пикир айта турган учурларды таап, ага басым жасоого аракет кылыңыз.

» "Ооба-ооба", "албетте", "мен сизди угуп жатам"- деген өңдүү жөнөкөй фразалар көпкө айтылган каршыдагы адамдын монологунда, акыл айтып, же бир нерсени аткарууга тикелей мажбур кылып жатканда макулдугун же каршылыгын ачык билдире албай калганда балыктай унчукпастыкты же кептин кызык эмес жагдайда болгонун билдирбөө максатында көңүл улай айтылат.

» "Мен туура түшүндүмбү?" деген фраза турмуштук баарлашууда көп айтылат. Тажрыйба көрсөткөндөй, үй-бүлөлүк турмушта чынчылдык менен ынтымактын кепилдиги катары бул фраза кабыл алынат.

**"Жетиген" журналынан алынды**

# ЖАШ ИЛИМПОЗ

*Билим - деңиз, акыл - кайык. Адам канчалык билим алууга умтулса, анын акылы ага жеткирүүгө жардам берет. Студент да билим деңизинде ээн-эркин сүзүп жүрүүсү үчүн талыкпай окуп, изденишин жана өзүнүн үстүндө иштөөсү зарыл. Бул үчүн курстук иш, доклад, реферат жана макала жазуу мыкты мисал боло алат. А дегенде макала деген эмне? Макала - журналистикадагы негизги жанрлардын бири. Макала маанилүү көрүнүштү аңдап чыгып, анализ кылат; кайсы бир коомдук мааниси бар көз караштарды же идеяны ырастай турган далилдерди жалпылап, корутунду чыгарат. А биз сиздерге Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун ФМО(б)-1-22 тайпасынын студенти Токтосунова Маликанын илимий макаласын тартуулайбыз. Илимий жетекчиси аталган институттун КИжИК кафедрасынын окутуучусу Ормонов Темирлан.*



## ЛАЗЕРДИК СТАНОКТУН ЖАНА 3D ПРИНТЕРДИН ӨНДҮРҮШТӨ КОЛДОНУЛУШУ



**Аннотация**

Азыркы технология дүйнөсүндө лазердик машиналар жана 3D принтерлер сыяктуу инновациялык инструменттердин киргизилиши менен өндүрүш процесси олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул приборлор өндүрүш циклдерин тездетип гана тим болбостон, продукцияны түзүүгө болгон мамилени да өзгөрттү. Бул макалада өндүрүштө лазердик машиналарды жана 3D принтерлерди кантип колдонуу өнөр жайда жаңы доорго алып келгенин карап көрөлү. Макала өндүрүш тармагында иш алып барган ишкерлерге, бул тармакка кызыккандарга жана бул багытта билим алып жаткан студенттерге багытталат.

Ачкыч сөздөр: Лазердик станок, 3D, принтер, 3D принтер, өндүрүш, 3D басып чыгаруу RdWorks, технологиялар.

Бүгүнкү күндө жашообузда түрдүү техникалар жана материалдардын жардамында адам жашоосуна керектүү буюмдар өндүрүлүп чыгып жатат. Лазердин жардамы менен кесүү жана оюу эң жаш материалдарды иштетүү технологиясы деп атоого болот. Колдонуучулардын кеңири чөйрөсүнө лазердик машина беш-он жыл мурун, мындай пландын жабдууларын өндүрүүчүлөр дээрлик бардык адамдар сатып ала турган бюджеттик моделдерди иштеп чыкканда жеткиликтүү болгон. Лазердик кесүүчү машиналар кесүү, белгилөө жана оюу иштерине байланыштуу бардык тармактардан мурунку фрезердик станокторду заматта алмаштырды. Өзгөчө жогорку тактыкты жана кичинекей диаметрди талап кылган кээ бир тармактарда, мисалы, саат механизмдерин жасоодо лазердин жардамы менен тешиктер да жаралат.

Лазердик станок - бул туруктуу, жогорку температурадагы нурду жаратуучу жабдуу, ал энергиянын жогорку концентрациясы бар кичинекей жарык жамаачы менен иштетилип жаткан бөлүктүн бетине түшөт. Тамчы чекитинде лазер материалды күйгүзөт жана аппараттын жөндөөлөрүнө жараша үстүнкү катмарды алып салат же кесүү жаратат. Алар жогорку тактык жана ылдамдык менен кесүү, ширетүү, оюу жана бургулоо, анын ичинде ар кандай операцияларды аткарууга жөндөмдүү [1].

Лазердик машиналарды колдонуунун негизги артыкчылыктарынын бири - бул жогорку тактык менен татаал тетиктерди түзүү мүмкүнчүлүгү. Бул салттуу өндүрүш ыкмаларын колдонуу менен мурда жеткиликсиз болгон уникалдуу формалар жана конфигурациялар менен өнүмдөрдү долбоорлоого жана өндүрүүгө мүмкүндүк берет.

Лазердик станокту пайдалануунун артыкчылыктары:

- кесүүчү нурдун өтө тез өтүү ылдамдыгы (500мм/сек чейин кесүү үчүн, 700мм/сек чейин оюу үчүн), бул башка жабдууларга салыштырмалуу жумуш процессин бир нече эсе тездетет;
- бардык материалдар менен иштөө. Бул өтө катуу металлдар болушу мүмкүн, боёлгон жыгач, кагаз, жибек, гофр картон, морт айнек, ошондой эле резина, таш, пластмассалардын бардык түрлөрү, кездемелер, токулбаган материалдар жана башкалар;
- чекитке багытталган нур лазердик негизде иштеген станоктор үчүн жеткиликтүү болгон бардык өндүрүштүк операциялар үчүн колдонулат (кесүү, белгилөө, оюу, бургулоо), бул көптөгөн шаймандарды

сатып алуунун каржылык чыгымдарын жана аларды алмаштырууга убакытты текке кетирбейт;

- иштеп жатканда ызы-чуу жана чаңдын деңгээли төмөн;
- кошумча иштетүүнү талап кылбаган жылмакай жана тыкан кесүү;
- нурдун диаметри өтө кичинекей болгондуктан, ал ар кандай татаалдыктагы кемчиликсиз так контурларды кесип алат. Мындан тышкары, кесүү туурасы кичинекей болгондуктан, материалдагы бланктар аягына чейин жайгаштырылышы мүмкүн же жалпысынан бир жалпы дубал болушу мүмкүн — ошентип, чийки затты дээрлик 100% үнөмдөөгө болот;

Материалды кесүү лазердик жабдууларды колдонуунун эң көп кездешкен учуру. Кесүүчү курал катары лазер нурун колдонгон станокторду металл жана жыгач иштетүүдө, зергерчиликте жана жарнакта, тиш протездөөдө, таңгактоочу идиштерди жана резина пломбаларды чыгаруучу ишканаларда, бут кийим жана тигүү ательелеринде жана башка көптөгөн өндүрүш тармактарында табууга болот. Лазердик машиналарда өндүрүлгөн буюмдардын тизмеси:

- сувенирлер;
- сырткы жана ички жарнама структураларынын элементтери;
- фанерадан же картондон жасалган конструкторлор;
- кийиз, булгаары, картон жана фанерадан жасалган ички жасалгалоо үчүн оюнчуктар жана буюмдар;
- жумшак эмерек жана унаа капкактары;
- автомобиль жана учак моделдөөчү бөлүктөр жана башкалар.

Лазердик жабдуулар эки түргө ээ экендигин тактоо керек (биз өнөр жайда кеңири колдонулган станоктор жөнүндө сөз болуп жатат). Көмүр кычкыл газы лазерлерди металл эмес топтун материалдары жана металлдардын өтө чектелген чөйрөсү (жез жана алюминий) менен иштөөдө колдонулат. Металл беттерин эффективдүү кесүү жана оюу үчүн була-оптикалык лазердик машиналар колдонулат. Лазер нурун колдонуп оюу эң так. Мындай ыкма менен тартылган сүрөттөр чексиз сактоо мөөнөтүнө ээ, башкача айтканда, алар суунун, химиялык заттардын жана сүрүлүүнүн таасиринен коркпойт. Компьютер менен башкарылуучу лазер максималдуу деталдары жана баштапкы үлгүгө жакындыгы менен материалдардын бетине сүрөттөрдү, татаал оймо-чиймелерди ж. б. чегет, ошондуктан ал лазердик гравер сыяктуу буюмдарды коозоо үчүн колдонулат, мисалы:

- аты жазылган сааттар, түрдүү кутулар, кеңсе буюмдары;
- капчыктар, сумкалар жана башка булгаарыдан жасалган буюмдар;
- зергер буюмдары;




- мөөрлөр жана штамптар;
- интерьер декор буюмдары жана башкаларда.

Жогоруда саналып өткөн пункттардан көрүнүп тургандай, лазер менен жалпак гана эмес, тегеректелген беттерди да оюп түшүрсө болот. Бул үчүн эки элементтен турган атайын айланма механизм станоктун кыймылдаткычына туташтырылат, алардын ортосунда ар кандай цилиндр формасындагы бланк салмагы менен бекитилет. Мотордун айлануусу продуктка өткөрүлүп берилет, ал белгиленген ылдамдыкта бурула баштайт, лазер нуру үзгүлтүксүз режимде бардык тараптан сүрөт тартууга мүмкүндүк берет. Эгерде кесүү үчүн колдонулган ошол эле машиналар оюу үчүн колдонулса, анда товарларды маркалоо үчүн атайын шаймандар - лазердик маркираторлор колдонулат. Алар жумушчу талаанын кичинекей өлчөмдөрү жана кеңири шрифт базасын, товарлардын кеңири спектрин номенклатуралык мүнөздөмөлөрдү, штрих-коддордун бардык түрлөрүн, өндүрүш ишканаларынын логотиптерин ж.б. камтыган атайын программалык камсыздоо менен айырмаланат. Лазердик тешик кийимдерди, бут кийимдерди жана булгаары буюмдарын жасалгалоодо, электрондук тактайларды жасоодо жана тешиктерди түзүүдө жана жайгаштырууда тактык талап кылынган бардык башка тармактарда колдонулат [2].

Лазердик станок менен кошо 3D принтердин жардамында буюмдарды жасоо да бүгүнкү күндө актуалдуу. Акыркы жылдары, 3D басып чыгаруу өтө тез ылдамдыкта өсүп жатат. Мунун себептери айдан ачык: технология өнүгүп, арзандап баратат. Басып чыгарууну колдонуу фантазия менен гана чектелет. Ал татаал тармактарда да колдонууну табат: робототехника, архитектуралык прототиптөө, зергерчилик, кол өнөрчүлүк. Бул жерде туура материалды тандоо маанилүү. Анын касиеттери жана мүнөздөмөлөрү буюмдун максатына жооп бериши керек. Үй басып чыгаруу үчүн эң популярдуу материалдар жана алардын касиеттери бул макалада талкууланат [3].

3D принтерлер өндүрүш тармагын революция кылып жаткан дагы бир технология. Алар санариптик моделдерден үч өлчөмдүү объекттерди түзүү үчүн материалдык катмарды катмар менен куруу принцибинде иштешет. 3D принтерлер прототиптерден баштап акыркы продукцияга чейин ар кандай формадагы жана өлчөмдөгү тетиктерди чыгара алат, ар бир бөлүгү уникалдуу. 3D принтерлердин эң маанилүү мүмкүнчүлүктөрүнүн бири бул өндүрүштү ыңгайлаштыруу жөндөмдүүлүгү. Бул технологиянын аркасында компаниялар белгилүү бир кардардын муктаждыктарына ылайыкташтырылган уникалдуу продукцияларды түзө алышат, бул продуктуну персоналдаштыруунун жаңы



перспективаларын ачат.

3D принтер - машина, башкача айтканда, даярдалган бөлүккө материалдын бөлүктөрүн кошот. Адатта материалды катмарлуу колдонуу ыкмасын колдонот, бирок суюк фотополимердин көлөмүндө бөлүктү үзгүлтүксүз калыптандыруу ыкмалары да бар, мында бөлүк катмарларга бөлүнбөйт, бирок толугу менен пайда болот [4].

3D басып чыгаруу кошумча технология классына кирет жана адатта тез прототиптөө тапшырмалары үчүн колдонулат, бирок сейрек учурларда акыркы продукцияны чакан партия менен өндүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн [4].

3D принтердин артыкчылыктары:

- Буюмдарды жасоо: 3D принтерлер уникалдуу, ылайыкташтырылган бөлүктөрдү жана буюмдарды жасоого мүмкүндүк берет;
- Тез прототиптөө: алар жаңы өнүмдөрдү прототиптөөнүн убактысын жана баасын кескин кыскартат, бул өнүгүү процессин тездетет;
- Материалдарды үнөмдөө: салттуу өндүрүш ыкмаларына салыштырмалуу басып чыгаруу технологиясын колдонуу менен минималдуу материалдык калдыктар калат;
- Татаал геометриялык фигуралар: 3D басып чыгаруу салттуу ыкмаларды колдонуу менен жасоо кыйын же мүмкүн болбогон татаал формаларды жана деталдарды түзүүгө мүмкүндүк берет;

Өндүрүштө лазердик машиналарды жана 3D принтерлерди колдонуу өнөр жай үчүн жаңы горизонтторду ачып, идеяларды мурда болуп көрбөгөндөй тезирээк, эффективдүү жана инновациялык түрдө ишке ашырууда. Бул технологиялар өндүрүш процессин өркүндөтүп гана тим болбостон, өндүрүш дүйнөсүндө жаңы доорго жол ачып, жаңы, мурда мүмкүн болбогон продукцияны түзүүгө түрткү берет.

Лазердик машиналар жана 3D принтерлер - бул ар кандай тармактарда өндүрүш процесстерин революциялаган инновациялык технологиялар. Алардын пайдалануу татаал бөлүктөрүн түзүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул






аппараттар өндүрүштө кантип колдонуларын карап көрөлү. Лазердик машиналар материалдарды так жана тез иштетүү үчүн колдонулат. Алар металлдарды, жыгачты, пластикти жана башка материалдарды кесип, бургулап, оюп, башка операцияларды жасай алышат. 3D принтерлер пластмассадан металлга жана керамикага чейинки ар кандай материалдардан үч өлчөмдүү объекттерди түзүүгө мүмкүндүк берет. Алар тез прототиптөө жана функционалдык буюмдарды басып чыгаруу үчүн кеңири колдонулат. 3D басып чыгарууда убакытты жана материалдарды үнөмдөө, татаал геометриялык калыпты түзүү мүмкүнчүлүгүн камтыйт.

Лазердик машинаны жана 3D принтерин айкалыштырып колдонуу бири-бирин толуктап, өндүрүш мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы, татаал формаларды түзүү үчүн 3D принтерди колдонсо болот, андан кийин аларды керектүү тактык жана бүтүрүү үчүн лазердик машина менен иштетсе болот. Бул өндүрүш убактысын кыскартып, акыркы продукциянын сапатын жакшыртат.

Лазердик станокту кантип колдонобуз?

1. Биринчи кезекте RdWorks (v8.01.60 версиясы болсо жакшыраак) программаны орнотуу керек.
2. Лазердик машинанын өзүн иштөөгө даярдаш керек. Машинанын эсептегичин күйгүзүүдөн баштап, бардык кабелдерди туташтырып, машинанын эсептегичин көтөрүшүңүз керек.
3. Лазердик машинанын кабелин ноутбукка туташтырыңыз.
4. Андан кийин, ноутбуктун же компьютердин машинага туташуусун орнотуу керек. Бул үчүн, башкаруу панелинен барып, андан кийин «Тармак» жана «Интернет» жана «тармак жана бөлүштүрүү башкаруу тармагы» жана белгисиз тармакты тандаңыз кабелди машинадан туташтырууда аныкталган.
5. Тармак бөлүгүн тандап, 2 жолу басып киргизиңиз.
6. Бул 5 пункттарынын баары аяктагандан кийин, RdWorks программаны иштетип, тармакты аныктоочу машинаны кошуу керек. Бул үчүн "Settings" баскычын андан кийин "add" баскычын басыңыз. Кийинки жерде биздин тармак аныкталат. Тармакты кошкондон кийин, Archicad же CorelDraw чиймелерди импорттоп лазердик машина менен иштей баштасаңыз болот, башкысы чиймелер dxf форматында болушу керек.
7. Машинаны биз керек болгон аймакка лазерди жылдырып, машинанын үстүнкү панелиндеги кыймыл баскычтары менен башкара аласыз. Ар бир кыймылдан же файлды жүктөөдөн кийин биз "origin" баскычын басыңыз, бул зарыл, анткени бул баскычты баспасаңыз, лазер мурдагы эски жерден кесип баштайт. Так жайгашкан жерин текшерүү үчүн "frame" баскычын басыңыз лазер кайсыл аймакты кесишин көрсөтө берет.
8. Эң негизгиси, капталдарында 3 муздатуу баскычы бар. Машина менен иштөөдөн мурун, күйгүзгөндөн кийин, аларды сөзсүз түрдө иштетиңиз.

Жогорудагыдай ыкма менен лазердик станоктун жардамында булгаарыдан, жыгачтан төмөндөгү буюмдарды жасадык.

**Корутунду**

Ошентип, өндүрүштө лазердик машинаны жана 3D принтерин колдонуу өндүрүш процесстеринин натыйжалуулугун, тактыгын жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуучу инновациялык ыкманы билдирет. Бул технологиялар дизайнерлерге, инженерлерге жана өндүрүүчүлөргө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, өнүмдөрдү түзүүдө жаңы бийиктиктерге жетүүгө жардам берет.

Жаштык бул - ЖИГЕР! НУР 85 жыл. Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# СЫР-СЫЯ



*Сыр - бул адамдын эч кимге айта албаган сөздөрү, сезимдери. Сиздин да эч кимге айтпаган сырларыңыз бар экени анык. Бирок ошол сыр сиздики экенин эч кимге билгизбестен, элге жарыя кылууга эркиңиз жетет беле? Сыр башка бирөөгө айтылса, сыр болуудан калат да дейт чыгарсыз. Бирок жан дүйнөңүздү үйгү-түйгү кылып жаткан маселени сыртка чыгарсаңыз, башка бирөө окуп алып таасирленсе жакшы нерсе го ээ? Дал ушул маселени чечүү үчүн бизде СЫР-СЫЯ аттуу рубрика ачылды. Мында сиз кимдир бирөөгө айткыңыз келген сөздөрдү, билдире албаган сезимдериңизди жазсаңыз болот. Сиздин ким экендигиңиз анонимдүү түрдө сакталышына кепилдик беребиз.*

*Анда эмесе сиздер үчүн кезектеги сыр катты тартуулайбыз.*

## "Сенсиз жашагым келет" деген сөзүм үчүн өзүмдү эч качан кечирбейм...

Сыр-сыя рубрикасына көбүнчө кыздар жазышса керек. Бүгүн мен балдардын да арманы бар экенин айтып, өз окуямды бөлүшүүнү туура көрдүм. Анда эмесе сөз башынан болсун...

1 жыл мурун алыскы тоолуу аймактардын бирине дос баламдын тоюна бардым, балким барбасам жакшы болмок беле биле, албайм. Той болуп жаткан үйгө кирип эле колунда чыны көтөрүп турган сени байкадым. Айылдын кыздарынын сулуу болорун уккам, бирок сенчелик элестеткен эмес элем. Чачың бутуңа жеткен, күлкүң жүзүңө жарашкан, орто бойлуу, шуулдаган, тың өзгөчө кыз экенсиң. Мурда менменсинген, байдын баласымын деген көйрөң жигит сени көргөндө өзүн жоготту, жаныңа барып таанышууга чамасы жеткен жок. Эки бутум тушалып калгандай эле болду. Бул айылга мурда келсем да сени көргөн эмес экенмин. Той бүткөнчө чуркап, жардамдашып, чай ташып жүрдүң. Жанымдагы үйлөнүп жаткан дос баламдан сурасам, менден 1 жашка кичүү, дос баламдын карындашы болот экенсиң. Тойдун эртеси да сени көрөм деп ойлогон элем, көргөн жокмун. Кийин да бир шылтоолорду айтып кетпей жүрө бердим. Сени бир көрсөм дегем, мектебиңе да бардым, көрө албадым. Акыры айлам жок шаарга келдим. Сени сураштырып жүрүп, сен жөнүндө маалымат таптым. Айылдын алдыңкы кыздарынан экенсиң, бардыгы бир ооздон мактап жатышты, номериңди таап, жаза албай көпкө жүрдүм. Акыры жаздым, бирок дароо эле жооп берген жоксуң. Мамилең оройдой сезилди, бирок кийин ачык айрым, акылдуу, тамашакөй кыз экениңди билип сүйүүм күчөп баштады. Сүйүүмдү ачык айттым, окушум керек дедиң, бирок акыры сени өзүмө багындырдым. Окуу десе ичкен ашын жерге койгон, максаты бийик адам элең. Кийин кайсы шайтан азгырды билбейм сага көңүлсүз мамиле кыла баштадым. Дароо байкадың, себебин сурадың айткан жокмун, ар кайсы кыздын сүрөтүн коюп жыргап жүрдүм, сага кыйын экенин билип да менменсинип жүрдүм, сенин кетип каларыңды билсем да ошондой кылдым, эмне үчүн экенин билбейм. Катуу ооруп жатканыңды билип абалыңды сурап да койгон жокмун, жыргап жүрүп алдым. Сени дагы да ыйлап, менин баркымды билсин дедим, мага жазсын дедим. Жаздың, сени сагындым дедиң, дагы да өзүмдү көтөрүп, башканы сүйүп калдым, сенсиз жашагым келет дедим. Ушул сөзүм сага катуу тийди. Кетип калдың, социалдык тармактардан, кара тизмеге салып койдуң. Жок болуп кеттиң, фейк аккаунт ачып жашооңду сырттан карап жүрдүм, бирок гордость деп телефон чалбай да, жазбай да жүрдүм. Кийин сенин алтын сертификат алганыңды уктум, сенин максаттарыңдын бири эле, кубандым, андан кийин социалдык тармактардын биринен президенттин колунан алтын сертификат алып жатканыңды көрдүм. Сени унутуп калсам керек дегем, бирок унутпаптырмын. Атыңды укканда жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй болду. Шаарга келгениңди байкең аркылуу уктум. Бирок жолугууга аракет кылбадым, дагы да кыйналгым келген жок.

Күз айы эле, ОшМУнун жанынан өтүп бара жатканбыз. Жанымда бир кыз бар эле, сени көрдүм. Акыры өзүң кыялданган кесипти тандап, окуп баштаган экенсиң, үстүңдөгү форма сага эң мыкты жарашыптыр. Чачың ар дайымкыдай узун, өрүлүп артка ташталган. Бетиңде ашыкча боёк жок, күлүп, берилүү менен бир балага сүйлөп жатыпсың, жаныңа баргым келди, кучактагым келди, бирок айла жок сен мени кабыл албаарыңды билип турдум. Мени унутуп калсаң керек, а мен сени дагы да сүйүп жүрөм. Күндө түшүмө кирүүңдү каалайм. Мени кечирбешиңди билем. Сен бул катты окуйсуң, анткени сен ушундай нерселерди жактырасың жана мен экенимди билесиң, анткени бир гана мен сага ӨЗГӨЧӨМ деп кайрылар элем....

Балдар силерге менден кеңеш, колуңдагы алтындын баркын кеч болуп кала электе бил, кеч болгон соң эч качан катаңды оңдой албайсың. Сенсиз жашагым келет деген сөзүм үчүн өзүмдү эч качан кечирбейм...

Өзгөчөм, мени бир эстечи...

#архив

**Майрам Шарип кызы**

# ОШ ШААРЫНДА ЭС АЛУУ ҮЧҮН КАЙДА БАРСА БОЛОТ?



Жайкы каникулда эс алуу үчүн кайда барууну ойлонуп жаткан болсоңуз, биз сизге Ош шаарындагы мыкты эс алуучу жайларды сунуштайбыз.

## РАЙАН САРЫ-ОЙ ЭС АЛУУ БОРБОРУ

Үй-бүлөңүз же көпчүлүк болуп барууну каалосаңыз-коттеджге жайгашуу - 4 кишиге 8000сом, 2 кишиге 7000сом. Эртең мененки тамак ичине кирет.

Түшкү тамакка/кечки тамакка өзүнчө буюртма кылса болот.

Кирүү убактысы 14:00; чыгуу убактысы 12:00.

1. Каттоо учурунда паспортуңуз жаныңызда болушу керек.
2. Курорттун аймагында, ошондой эле коттеджерде алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө катуу тыюу салынат.

Ал эми боз үйгө олтурууну каалосаңыз - кичинекей боз үйдү ижарага алуу иш күндөрү 3500 сом, дем алыш күндөрү 4000 сом (15 кишиге чейин) 11:00-дөн 19:00гө чейин.

Чоң боз үйдү ижарага алуу иш күндөрү 4500 сом, дем алыш күндөрү 5000 сом. (25 кишиге чейин) 11:00-19:00 чейин.

Тамак даярдоо кызматы бир кишиге 100 сом, азык-түлүктөрдү өзүңүз алып келесиз. (адамдардын саны 5тен ашык болушу керек)

Ичимдик ичүүгө тыюу салынат.

Дарек: Ош, Алай району

## АРЧА-ТОО ЭС АЛУУ ЖАЙЫ



1. Сиздер үчүн коттеджер бар.

Анын ичинде : 1. конок бөлмө, дивандары менен;

2. 1-кабатында кошумча уктоочу бөлмө;
3. 2-кабатында эки кишилик керебет жана жанында бир кишилик керебет бар.
4. Ашкана, идиштери менен (6-7 адамдык)
5. Душ ысык жана муздак суусу менен. 4 мезгилге ылайыкташкан.

Ичине 2 кишиден 6-7 кишиге чейин батат.

Баасы 1 суткага 8500 сом.

Кирүү убактысы 14:00дөн тартып, эртеси күнкү 12:00гө чейин.

Дареги: Ош, Ноокат району, Кара–Кой жайлоосу АРЧА- ТОО эс алуу жайы.



## КАРА-КОЙ ЭС АЛУУ ЖАЙЫ

Кара-Кой эс алуучу жайы сиздер үчүн мыкты күн өткөрүүгө шарт түзүп берет!

Аны менен бирге сиз:

1. Орто өлчөмдөгү боз үйдү саат 09:00дөн тарта 21:00гө чйин алсаңыз болот. 10-15 киши батат. Баасы 2500 сом
2. Чоң өлчөмдөгү боз үй 15-25 киши батат, баасы 3000 сом;
3. Тапчан 8 кишиге 1500 сом;
4. Тапчан 16 кишиге 2000 сом;

-ар бир тамак жасап берүү 500 сом, азык-түлүктү өзүңүз алып барасыз.

Эгерде өзүбүз жасайбыз десеңиз, отун-суу, идиш-аяк үчүн 300 сом төлөйсүз.

Ошондой эле волейбол ойноо үчүн аянтча бар жана 5 окко 100 сом төлөп жаа атсаңыз болот.

Дареги: Ноокат, Кара-Кой жайлоосу, Кара-Кой эс алуу жайы

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси
**Башкы редактору:** САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ
**Редактордун орун басары:** Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Майрам Шарип кызы
Аниель Куламжанова
Малика Токтосунова
Гүлзар Максытали кызы
Аксаамай Жумабаева
Курманжан Жаркынбай кызы
Эльнура Кудайбердиева
**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902